## Кабыл алуу шарттары:

Кабыл алуу электрондук каттоо түрдө жүргүзүлөт. Электрондук каттоо үчүн https://2020.edu.gov.kg/ дарегине кирип, “СПУЗ”, андан соң “Катталуу” дегенди тандоо зарыл. Окуу жайды тандоодо “С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин Агрардык техникалык-экономикалык колледжи” деп таап, ал жерден тиешелүү адистикти тандоо керек.

## Керектүү документтер:

- Абитуриенттин арызы (документ тапшырганда толтурулат);
- Жалпы орто билими жөнүндө аттестат (11-класстын базасы үчүн);
- Негизги жалпы билими жөнүндө күбөлүк (9-класстын базасы үчүн);
- 3х4 өлчөмүндөгү 6 даана сүрөт;
- Паспорттун көчүрмөсү, паспорт алууга жашы жете электерге туулгандыгы тууралуу күбөлүктүн көчүрмөсү;
- Медициналык 086-У справкасы
- Документтерди кабыл алуу үчүн 450сом+30сом (комиссия)

4405011103005289 - РСК банк

Инклюзивдүү өсүү үчүн көндүмдөр

Навыки для инклюзивного роста

### БИЗДИН ДАРЕК

Кыргыз Республикасы, Нарын облусу,
Нарын шаары, Ленин көчөсү 127.
Тел.: 03522 5-07-03
+996 (705) 10-16-90
+996 (709) 88-13-77

college.kg

atec_naryn

@narynatek

Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги

Министерство образования и науки Кыргызской Республики

АТЭК 1938

# С. НААМАТОВ АТЫНДАГЫ НАРЫН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН АГРАРДЫК ТЕХНИКАЛЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК КОЛЛЕДЖИ

Нарын шаары

## Биз жөнүндө

С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин Агрардык техникалык-экономикалык колледжи (мурунку аталышы - Нарын айыл-чарба техникуму) Нарын шаарынын батышында, Ак-Коргон аймагында жайгашкан. Колледж алгач 1938-1939-жылдарда Кыргыз ССРинин Тянь-Шань округунун бир жылдык айыл чарба мектеби болуп ачылган.1948-1962-жылдарда Кыргыз ССРинин Тянь-Шань облусунун Айыл чарба техникуму болуп өзгөртүлгөн.
Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2008-жылдын 7-августунда № 487/1 буйругун негизинде НМУнун алдындагы Айыл чарба техникумунун аталышы Агрардык техникалык-экономикалык колледжи болуп өзгөртүлгөн. 2019-жылдын 5-сентябрында С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин Агрардык техникалык-экономикалык колледжи КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин 05.09.2019-ж. №1056/1 буйругунун негизинде “Алдыңкы тажрыйба борбору” катары түзүлдү.







## Биздин артычылыктар

• Биздин окуу жай учурда Кыргыз Республикасындпгы 145 орто кесиптик окуу жайлардын ичинен эң мыкты деп тандалып алынган алдыңкы 8 колледждин бири болуп, “Алдыңкы тажрыйба борбору” наамын алганбыз;
• Учурда продукция өндүрүүгө багытталган жана жергиликтүү калкка тейлөө көрсөтүүчү “Окуу-өндүрүштүк комплекси” Нарын облусу боюнча бизде гана бар;
• Заманбап лабораториялар, компьютердик класстар, китепкана, спорттук зал, техникалык жабдуулар, жаңы ремонттолгон окуу жайыбыз эч кимди кайдыгер калтырбайт;
• Заманбап ишкердиктин негиздери боюнча көндүмдөр - бизде бардык адистиктер үчүн Ишкердиктин негиздери боюнча билим берүү жүргүзүлөт. Ал курсту окуп бүткөндөн кийин Сен келечектеги потенциалдуу бизнесменсиң!
• Өзгөчө, мүмкүнчүлүгү чектелген студенттерге шарттарыбыз мыкты деңгээлде түзүлгөн.

## Адистиктер

| Даярдоо багыттары | Окуу мөөнөтү | | Бүтүрүүчү адистик |
|---|---|---|---|
| | Күндүзгү | Сырттан | |
| ФИНАНСЫ<br>9-класстын базасында<br>11 -класстын базасында | 2ж. 10 ай<br>1ж. 10 ай | жок<br>2ж. 6 ай | Финансист |
| САЛЫКТАР ЖАНА САЛЫК САЛУУ<br>9-класстын базасында<br>11 -класстын базасында | 2ж. 10 ай<br>1ж. 10 ай | жок<br>2ж. 6 ай | Салык салуу адиси |
| ЭКОНОМИКА ЖАНА БУХГАЛТЕРДИК ЭСЕП (тармактарбоюнча)<br>9-класстын базасында<br>11 -класстын базасында | 2ж. 10 ай<br>1ж. 10 ай | жок<br>2ж. 6 ай | Бухгалтер |
| БАНК ИШИ<br>9-класстын базасында<br>11 -класстын базасында | 2ж. 10 ай<br>1ж. 10 ай | жок<br>жок | Банк ишинин адиси |
| ВЕТЕРИНАРИЯ (БЮДЖЕТТИК НЕГИЗДЕ)<br>9-класстын базасында<br>11 -класстын негизде | 2ж. 10 ай<br>1ж. 10 ай | жок<br>2ж. 6 ай | Ветеринардык фельдшер |
| АГРОНОМИЯ<br>9-класстын базасында<br>11 -класстын негизде | 2ж. 10 ай<br>1ж. 10 ай | жок<br>2ж. 6 ай | Агроном |
| ЭКОЛОГИЯ ЖАНА АЙЛАНА ЧӨЙРӨ НҮ КОРГОО<br>9-класстын базасында<br>11 -класстын базасында | 2ж. 10 ай<br>1ж. 10 ай | жок<br>жок | Техник |
| АЙЫЛ ЧАРБА ПРОДУКЦИЯЛАРЫН ӨНДҮРҮҮНҮН ЖАНА КАЙРА ИШТЕТҮҮНҮН ТЕХНОЛОГИЯСЫ (БЮДЖЕТТИК НЕГИЗДЕ)<br>9-класстын базасында<br>11 -класстын базасында | 2ж. 10 ай<br>1ж. 10 ай | жок<br>жок | Техник |
| ЭСЕПТӨӨ ТЕХНИКАЛАРЫНЫН ЖАНА КОМПЬЮТЕРДИК ТАРМАКТАРДЫН КАРАЖАТТАРЫН ТЕХНИКАЛЫК ТЕЙЛӨӨ<br>9-класстын базасында<br>11 -класстын базасында | 2ж. 10 ай<br>1ж. 10 ай | жок<br>2ж. 6 ай | Техник |
| ЭСЕПТӨӨ ТЕХНИКАЛАРЫН ЖАНА АВТОМАТТАШТЫРЫЛГАН СИСТЕМАЛАРДЫ ПРОГРАММАЛЫК ЖАКТАН КАМСЫЗДОО (БЮДЖЕТТИК НЕГИЗДЕ)<br>9-класстын базасында<br>11 -класстын базасында | 2ж. 10 ай<br>1ж. 10 ай | жок<br>2ж. 6 ай | Техник-программист |
| ЭЛЕКТР СТАНЦИЯЛАРЫ, ТАРМАКТАР ЖАНА СИСТЕМАЛАР<br>9-класстын базасында<br>11 -класстын базасында | 2ж. 10 ай<br>1ж. 10 ай | жок<br>2ж. 6 ай | Техник |
| ЭЛЕКТР МЕНЕН КАМСЫЗДОО (БЮДЖЕТТИК НЕГИЗДЕ)<br>9-класстын базасында<br>11 -класстын базасында | 2ж. 10 ай<br>1ж. 10 ай | жок<br>2ж. 6 ай | Техник |
| УНААДА ЖҮК ТАШУУНУ УЮШТУРУУ ЖАНА БАШКАРУУ<br>9-класстын базасында<br>11 -класстын базасында | 2ж. 10 ай<br>1ж. 10 ай | жок<br>2ж.6 ай | Техник |
| ТИГҮҮ БУЮМДАРЫН КОНСТРУКЦИЯЛОО, МОДЕЛДЕШТИРҮҮ ЖАНА ТЕХНОЛОГИЯСЫ<br>9-класстын базасында<br>11 -класстын базасында | 2ж. 10 ай<br>1ж. 10 ай | жок<br>жок | Модельер-конструктор |
| АВТОМОБИЛЬ ЖОЛДОРУН ЖАНА АЭРОДРОМДОРДУ КУРУУ ЖАНА ЭКСПЛУАТАЦИЯЛОО<br>9-класстын базасында<br>11 -класстын базасында | 2ж. 10 ай<br>1ж. 10 ай | жок<br>жок | Техник |